БЕКИТЕМИН
Ноокен райБББнун башчысы
Н.Олжобаев
"__" 19 ___ 2021-жыл

**Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан өткөрүлүүчү "Үй-бүлөлүк китепкана" конкурсунун Жобосу**

**Конкурстун негизги максаттары:**

- Коомчулукта үй-бүлөнүн беделин көтөрүү;
- Үй-бүлөдө китеп жана китеп окуунун мааниси, аны адам баласынын руханий фактору катары жайылтуу;
- Китеп окуунун, маалыматтык маданиятты калыптандыруу;
- Баалуулуктарга тарбиялоо;
- Ар бир үй-бүлөдө китепканаларды түптөө.

**Конкурсту уюштуруу**

Конкурс 2021-2022-окуу жылында өткөрүлөт. Ал 4 этап менен болот.

1 этап – класстык. Конкурс жөнүндө маалыматты таркатуу. Ар бир класста өткөрүү. Класстан эң мыкты 1 үй-бүлөлүк китепкананы тандап алуу. 2021-жылдын 1-ноябрынан 1-декабрына чейин.

2 этап - мектептик. Ар бир мектептен эң мыкты 1 үй-бүлөлүк китепкананы тандап алуу. 2021-жылдын 1-декабрынан 2022-жылдын 11-январына чейин.

3 этап - зоналдык. Ар бир зонадан эң мыкты 3 үй-бүлөлүк китепкананы тандап алуу. 2022-жылдын 11-январынан 11- февралга чейин.

4 этап - райондук. Финалдык райондук этапта конкурстун жыйынтыгы 2022-жылдын апрель айына чейин чыгарылат.

**Конкурстун шарттары**

Конкурска райондогу үй-бүлөлүк китепканасы бар бардык үй-бүлөлөр катыша алышат. Ар бир мектептен 1-этапта класс жетекчи тарабынан 1 үй-бүлөлүк китепкана аныкталгандан кийин администрация тарабынан комиссия түзүлөт. Мектептик этапта комиссия тарабынан мыкты деп аныкталган 1 гана үй-бүлөлүк китепкана тандалат. Зоналык турда ар бир мектептин окулун камтыган комиссия түзүлөт. Ал эми райондук турунда комиссия райБББ тарабынан түзүлөт.

**Конкурстун жүрүшүндө жеңүүчүлөрдү тандап алуунун критерийлери**

**Эң мыкты үй-бүлөлүк китепкананы тандап алууда төмөнкүлөр эске алынат:**

- Китепкананын абалы, бөлмөдөгү жайгашуусу, китептердин сакталышы;

- Улуттук идеологиядагы, тарыхый, тарбиялык маанидеги чыгармалардын авторлорунун китептеринин бар экендиги;
- Ата-эненин балдар алабиятына көңүл бөлүүсү, балдар үчүн арналган китептердин бар экендиги;
- Үй-бүлөлүк китепкана тууралуу анкета толтурулат. (Анкетанын формасы тиркелет)
- Үй-бүлөлүк китепкана жөнүндө 5 даана сүрөт же видеоролик сунушталышы керек.

**Конкурсту жыйынтыктоо. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо.**

Конкурстун зоналдык турунда да ар бир мектептен бирден окул кошулган комиссия түзүлөт. Райондук турунда 27 үй-бүлөлүк китепканадан байгелүү орундар тандалат. Ошондой эле төмөнкүдөй номинациялар берилет.

1. Китеп – ишенимдүү жардамчы.
2. Биздин үй-бүлөлүк байлыгыбыз.
3. Биздин досубуз – китеп.

**"Үй-бүлөлүк китепкана" конкурсуна катышуу үчүн**

**анкета**

1. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн аты жөнү:
- Атасынын, апасынын, мектепте окууган балдары жана алардын класстары көрсөтүлүшү керек;
2. Дареги;
3. Үй-бүлөлүк китепкана тууралуу маалымат:
- Китепканадагы китептин саны;
- Жайгашкан бөлмөсү, анын абалы;
- Китептер кандай бөлүмдөрдөн турат?
- Үй-бүлөдө ким көп китеп окуйт? Саны.
- Окуган китептеринин резюмелери;
- Окуучулардын окуган китептери тууралуу маалыматтар ж.б.



Сабактын формасы: «Адабий оюн»

Максаты:
Конулду буруучу (кызыктуу)оюндардын негизинде окууга окуучуларды кызыктыруу ,жалпы маселелерди чечуудо кызматташа билуусун жана жаны кырдаалда билимдерин чыгарма чылыкта колдонуусун онуктуруу (остуруу).

Мазмуну :
оюн –1 нече тапшырмадан турат .
4а класс –27окувчу – «Н.Носов» «Фантазёры»
3а класс –25окувчу- К.Чуковский «Сказки»
3вкласс –20окрувчу- Э.Успенский
«Каникулы в Простоквашина» .